## О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы окуу иштери боюнча аткарылган иштердин анализи.

2021-2022- окуу жылында О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 29 мугалим эмгектенип келүүдө. Алардын ичинен : жаш мугалимдер 4, 5-10 жылга чейин стажы бар мугалимдер -7, 10-20 жылга чейин стажы бар мугалимдер -6, 20-35 жылга чейинки стажы бар мугалимдер -9, 35 жылдан ашкан стажы бар мугалимдер-3, 3 мугалим билим беруунун отличниги, 9 мугалим пенсионер.

Окуу жылынын башында 0-11-класстарда 350/172окуучу окуп башташты. 1-11-класстарда болсо 319/158 окуучу окуп баштады. 1-чейректин жыйынтыгы менен 1-11-класстарда 319/158 окуучу,39 отличник,91ударник, билим сапаты 40% болду. 2-чейректин жыйынтыгы менен 1-11-класстарда 312/156 окуучу, 44 отличник,93ударник, билим сапаты 43% болду.
3-чейректин жыйынтыгы менен 1-11-класстарда 315/158 окуучу, 46 отличник, 97 ударник, билим сапаты 45% болду. 4-чейректин жыйынтыгы менен 1-11-класстарда 315/158 окуучу, 52 отличник,99 ударник, билим сапаты 47% болду.
Жылдын жыйынтыгы менен 1-11-класстарда 315/158 окуучу, 49 отличник,105 ударник, билим сапаты 48% болду.
**Мектептин негизги максаты-** окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын билим берүү стандарттары менен натыйжалуу иштөө болгон . Бул максатты ишке ашырууга 2021-2022-окуу жылында мектепте көптөгөн иштер жүрдү.

Окуу жылында беш усулдук бирикме түзүлгөн. «Мурас» гуманитардык усулдук бирикме.Жетекчиси –Молдобаева Э.Ж., «Эврика» табигый илимдер усулдук бирикмеси.Жетекчиси -Бектенов С.А., «Бүчүр» башталгыч класстардын усулдук бирикмеси. Жетекчиси –Орозакунова Ш.Т. , «Келечек» мектептин Пионер филиалындагы башталгыч класстардын усулдук бирикмеси. Жетекчиси-Мамралиева Д.А. , «Жылдыз» класс жетекчилер бирикмеси. Жетекчиси – Кангельдиева А.А. Усулдук бирикменин жетекчилери жыл башында жылдык план иштеп чыгышып ,пландарынын негизинде иш алып барышты. Усулдук бирикменин мугалимдери болсо ай сайын планда көрсөтүлгөн иш-чараларын,ачык сабактарын өтүшүп, ал боюнча маалыматтары катышкан мугалимдер тарабынан жазылып турду. Сабактарды өтүүдө компьютерлерди, поекторду.телевизорлорду пайдаланышты.Маалыматтарга таянсак өтүлгөн иш-чаралар,сабактардын бардыгы «жакшы», «эң жакшы» деп бааланды. Демек, мугалимдер өзүлөрүнүн алдыңкы иш-тажрыйбаларын көрсөтүшүп,мамлекеттик стандарт боюнча сабактарын өтүшүп,мыкты жаңы усулдарды пайдаланышып, окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын арттыра алышты. Мындан сырткары «Чыгармачыл топ» боюнча ай сайын планда коюлган иш-чараларын,ачык сабактарын өтүштү. Мында сабакта баалоонун түрлөрүн,жаңы усулдардын түрлөрун, интернет булактарын сабакта пайдаланууну көрсөтө алышты. 1-класстан баштап 11-класстарга баскычтар боюнча «Акыл ордо»

интеллектуалдык таймаш өткөрүлүп, жыйынтыгында 1-4-класстар арасынан 1-окуучуну, 5-8-класстардан 1-окуучуну,9-11-класстардан 1 окуучуну "Мыкты окуучу" наамы менен жана стипендия менен сыйладык. 5-11-класстардын предметтик мугалимдеринин дагы бир жетишкендиги болуп чейректик тесттерди компьютер менен алышты,окуучулардын жекече билим сапаты чыгарылып турду. Ай сайын бирикмелердин декадалары өтүлүп,пландары түзүлүп, жакшы деңгээлде иш-чаралар өтүлүп турду.

«Жаш мугалимдер менен иштөө» планы түзүлүп ,жаш мугалимдерге стажы 3 жыл толо элек төмөнкү мугалимдер: Абалий кызы Болсунай, Ашымканова Уулжан, Турдакунова К.К.Жеңишбеков Ж. катталып, насаатчы мугалимдер бекитилип берилип, алар менен өз багытында иш алып барылды.

Педагогикалык кеңешмеде пландалган усулдук бирикмелердин тематикалык семинарлары быйылкы окуу жылында «эң жакшы» деген деңгээлде өтүп жатты. Мектептин ички көзөмөлүндө белгиленген иш чаралар учурунда текшерилип, маалыматтар жазылып турулду.

Талантуу жана жөндөмдүү окуучуларды мугалимдер жыл башында жөндөмүнө,шыгына,кызыгуусуна жараша предметтер боюнча тандап алышып,алардын чыгармачыл портретин түзүшкөн.Бул окуучулар менен иштөөдө атайын план түзүлүп,мугалимдер кошумча убакытта иштешти. Райондук олимпиадада тарых сабагынан 11-класстын окуучусу Сагынбаева Ширин активдүү катышкандыгы үчүн грамота алды.

Предметтер боюнча 10 кружоктор уюшулган, жыл башында пландарын түзүшүп кружокко кызыккан шыктуу жөндөмдүү балдар келип өз билимин,кругозорун өркүндөтүшөт. Предметтик кружоктон сырткары акы төлөнүүчү «Сергек жашоо», «Манас таануу» кружоктору уюштурулган. «Манас таануу» кружогундагы 8-10-окуучулары «Манас таануу» интеллектуалдын марафондун райондук турунан 3-орунду алышып грамота менен сыйланышты.

Мектептен сырткары келген конкурстарга, олимпиадаларга,иш-чараларга да активдүү катышууга аракет кылдык. Билимкана олимпиадасынан 9-класстын окуучусу Таалайбеков А. Республикалык турга чейин катышып,активдүү катышуучу грамотасын алды.

Мектепте Усулдук кеңеши түзүлгөн.Кенеш сентябрь айында мугалимдердин өндүрүштүк пландарын түзүүгө жардам беришти.Усулдук кенештин мүчөлөрү жаш мугалимдердин сабактарына катышып,өтүлгөн сабактарга анализ беришип,ар кандай методикалык жардам берип турушту.Усулдук кеңеш ар бир сабактын билим сапаты. деңгээли боюнча анализ жасашты.


Мектептин 2021-2022-окуу жылындагы жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы (ОРТ) төмөндөгүдөй болду. ЖРТ га 16 окуучу катышкан.

| Миним. баалл | Максим. баалл | 110го чейин | 111-120 | 120-130 | 131-140 | 141-150 | 151-160 | 161-170 | 171-180 | 180-210 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 63 | 146 | 7 | 3 | 3 | 1 | 2 | - | - | - | - |

# 2021-2022-окуу жылындагы 11-классынын бүтүрүүчүлөрүн ЖРТ боюнча маалыматы


| № | Окуучулардын аты,жөнү | ЖРТдан алган баллы | Предметтик тесттердин баллы | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Тарых | биолог. | Матем. | Физика | Химия | Англ. тили | Кырг. тили | Орус тили |
| 1 | Абдрашева Диана | 63 | 76 | 46 | | | | | | |
| 2 | Алмазбекова Бегимай | 137 | 68 | | 39 | | | 66 | | |
| 3 | Жолочиева Акылай | 109 | 42 | | | 65 | | | | |
| 4 | Жумадылова Алтынай | 119 | 65 | | | | | | 79 | |
| 5 | Зарылдыков Апаз | 111 | 76 | | | 53 | | | | |
| 6 | Имерова Алия | 124 | 65 | | | | | | 87 | |
| 7 | Кездешова Алина | 146 | 79 | | 46 | | | 61 | 79 | 65 |
| 8 | Мамбетказиева Нуриза | 77 | 77 | | | | | | | |
| 9 | Молдокасымова Жанар | 101 | 46 | | 39 | | | | 53 | |
| 10 | Молдоташев Нурболот | 75 | 61 | | | 61 | | | | |
| 11 | Мукашов Темирлан | 89 | 53 | | | | | | | |
| 12 | Намазбекова Сауле | 141 | 87 | | 50 | | | 86 | | |
| 13 | Сагынбаева Ширин | 127 | 94 | | | | | 68 | | 76 |
| 14 | Узакова Нуркыз | 118 | | | | | | 51 | | 83 |
| 15 | Усупов Самат | 121 | 76 | | | 61 | | | | |
| 16 | Шакиртова Асема | 92 | 76 | 72 | | | | | | |

Башталгыч класстын билим сапатынын моноторинги:





Башталгыч класстардан 1-класстын билим сапаты 2-чейректе төмөндөп кеткен.3-чейректен баштап бирдей калыптагы көрсөткүчтү берген. 2-класстын окуучулардын билим сапатында 2-чейректе өсүү динамикасы 4% ке жеткен. Ал эми 3-4-чейректе төмөндөп кеткен. 3-класстын билим сапаты 1,2-чейрекке төмөн көрсөткүчтү көрсөткөн. Ал эми 4-класста да окуучулардын билим сапаты төмөндөп кеткенин байкасак болот.60% тен 40%ке төмөндөгөн.

Пионер филиалынын башталгыч классынын билим сапатынын мониторинги:





Бул жактагы башталгыч классынын 1-класстардын билим сапаты 2-3-чейректе төмөндөп кеткен. 2-класстардын билим сапаты 1,3-чейректе төмөндөп кеткен. 3-класстардын билим сапаты 1,3-чейректе төмөндөп кеткен. 4-класстардын билим сапаты 1,3-чейректе төмөндөп кеткен.Жалпы класстардын билим сапаттарынан 4-чейректе жана жылдык билим сапаттарынын өсүү динамикасын байкасак болот.

Орус тили сабагы боюнча мониторинг:





Орус тили сабагынан 6а,7,8,9а,11-класстырдан өсүү динамикасын байкасак болот. Класстардын билим сапаты 1-чейректе төмөн болгон.жакшы өсүү динамикасын көрсөттү. Буларга кошумча тапшырмалар үстүндө иштөө менен жыл аягында өсүштү көрсөтуштү.5,6б-класстардын билим сапаты 3-чейректе төмөндөп кеткен.

Математика сабагы боюнча мониторинг:





Математика сабагынан бардык класстардын билим сапаты төмөн. 6б,10-11-класстырдан өсүү динамикасын байкасак болот. 5-класстардын билим сапаты төмөндөп кеткен.Калган класстардын билим сапаты чейректерде ар кандай деңгээлди көрсөттү.

Кыргыз тили сабагы боюнча мониторинг:





Кыргыз тили сабагынан 9а-класстын өсүү динамикасын байкасак болот. 5,6-класстардын билим сапаты жакшы деңгээлде болууда. Ал эми 7-8-класстардын билим сапаты канааттандырарлык деңгээлде. 10-класстын билим сапаты төмөндөп кеткен. Буларга да кошумча тапшырмалар үстүндө иштөө керек.

Кыргы адабияты сабагы боюнча мониторинг:





Кыргыз адабияты сабагынан 9б,11-класстырдан өсүү динамикасын байкасак болот. Класстардын билим сапаты төмөндөп кеткен учурда кошумча тапшырмалар үстүндө иштөө менен жыл аягында өсүштү көрсөтүштү. Класстардын билим сапаты 1-чейректе төмөн болгон.

## География сабагы боюнча мониторинг:





География сабагынан 6а,7,9а,9б-класстырдын билим сапаты 1-чейректе төмөн көрсөткүчтө болуп,2-3-чейректе өсүү динамикасын көрсөттү. 6а,9а,10-класстар жыл аягында өсүү динамикасын көрсөттү. Негизинен билим сапаты туруктуу болбой 4-чейректе 6б,8,9б-класстарда төмөн динамиканы көрсөттү. 11-класстар бир калыпта болду.

## Физика сабагы боюнча мониторинг:





Физика сабагынан 8,10-класстырдын билим сапаты 1-чейректе төмөн көрсөткүчтө болуп,калган чейректе өсүү динамикасын көрсөттү. 9а-класс жыл аягында өсүү динамикасын көрсөттү. 7,9б-класс 4-чейректе жана 9а,11--класс 2-чейректе төмөн динамиканы көрсөттү.

Англис тили сабагы боюнча мониторинг:





Англис тили сабагынан 6а,6б,8-9б10-11-класстырдан өсүү динамикасын байкасак болот. 5,7-класстардын билим сапаты 4-чейректе төмөндөп кеткен.6б-9а-9б-класстарда 2,3-чейректерде билим сапаты төмөн болгон.

Тарых сабагы боюнча мониторинг:





Тарых сабагынан бардык класстырдын билим сапаты 1-чейректе төмөн көрсөткүчтө болуп,2-чейректе жогорулаган. 5,8,9б,11-класстар жыл аягында өсүү динамикасын көрсөттү. Негизинен билим сапаты туруктуу болбой өйдө-ылдый көрсөткүчтө болгон.4-чейректе 6б,7,10,11-класстардын билим сапаты төмөн көрсөткүчтө болду.

Биология сабагы боюнча мониторинг:





Биология сабагынан 6б,7,9а,9б- класстырдын билим сапаты 1-чейректе жакшы көрсөткүчтө болуп,2-чейректе төмөндөгөн. 8,9а,9б,10,11-класстар жыл аягында өсүү динамикасын көрсөттү. Негизинен билим сапаты туруктуу болбой өйдө-ылдый көрсөткүчтө болгон.

Химия сабагы боюнча мониторинг:




Химия сабагынан 8,10-класстырдан өсүү динамикасын байкасак болот. 9а, 9б-класстардын билим сапаты 1-чейректе жогору болгон да кийинки чейректерде бирдей. 11-класстарда2-чейректе өсүү динамикасын көрсөттү.

## Окуучулардын жалпы билим сапаты боюнча мониторинг:




Мектеп боюнча окуучулардын билим сапатында өсүү динамикасы болду.

1-чейректе билим сапат 40%, 2-чейректе 43%,3-чейректе 45 %,4-чейректе 47%, ал эми жылдык менен 48% болгон.

Мындан сырткары Мектеп кенеши түзүлгөн.Мектеп кенеши мектеп ичинде болуп жаткан бардык иштерге көзөмөл кылып турушту.
Жылдагыдай 9-11-кл. окуучулары УТБ(НЦТ) тестирлөөнүн 1-2-тестине катышышты, география ,кыргыз тил ,тарых,орус тили сабактарынан «4», «5» деген бааларды көбүрөөк алышып,жакшы ийгиликтерди көрсөтүштү.
2021-2022-окуу жылында окуучуларыбыз да онлайн конкурстарга катышып Республикалык грамоталар менен сыйланышты.
Окуу иштери менен бирге эле тарбиялык көп ийгиликтерге жетишип келдик, ал көрсөткүчтөрдү белгилеп кетсек болот:

2021-2022 окуу жылынын башында жылдык тарбиялык пландар түзүлүп бекитилди, 17 класс комплект менен тарбиялоонун 10 багыты менен иш алып бардык. Класс жетекчилердин тарбиялык пландары бекитилди, окуу жылынын башында мектеп парламенти мектеп жетекчилиги, мектеп окуучулары менен биргеликте түзүлүп бекитилди. Мектеп ичинде тарбиялык иш чаралар тегерек столдор өтүлүп жатты, окуучулар тарабынан тартип бузуулар катталган жок. Республикадан, областан, райондон келген конкурстарга, кароо сынактарга мектебибиздин алдыңкы активдүү окуучуларыбыз өз убагында катышып байгелүү орундарды камсыз кылып жатышты жетишкендиктерди белгилей кетсек.

| № | Окуучунун аты-жөнү,классы | Конкурстун аталышы | Алган орду | Жетекчисинин аты-жөнү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аскербаева Адина 9-кл. | Менин Эгемендүү КР сүрөт конкурсу | Республикадан 3-орун | Эркинбек кызы Айгерим |
| 2 | Сандыбаев Чынгыз | Креативдүү балаты-2022 | Активдүү | Турдукучукова |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 7-класс | | катышкандыгы үчүн | Света |
| 3 | Асекова Акнуска 10-кл. Шаршенова Жанара 10-кл. Шайырбек к. Нурай 10-кл. | Манас таануу интеллектуалдык таймашы | 3-орун | Отомбаева Б.С. |
| 4 | 10-кл.жана 8-кл.кыздары | Сергек жашоо образы боюнча аймактык КВН | 2-орун | Эркинбек кызы Айгерим |
| 5 | Исаев Адил 11-кл | Канаттууларга камкордук | Активдүү катышкандыгы үчүн | Осмонова Толкун |
| 6 | Дүрбөлөнов Нурали 6-кл. | Канаттууларга камкордук | Активдүү катышкандыгы үчүн | Эркинбек кызы Айгерим |
| 7 | Имерова Алия 11-кл. | Ч.Айтматов учурдун улуу жазуучусу видео-ролик | Активдүү катышкандыгы үчүн Республикадан | Отомбаева Б.С. |
| 8 | Кенешбеков Нурел 6-кл. | Зыяндуу адаттардын кесепеттери плакат конкурсу | Активдүү катышкандыгы үчүн грамота жана Жашыл Ай коомунун белектери Республикадан | Эркинбек кызы Айгерим |
| 9 | Аскербаева Адина 9-кл. | Зыяндуу адаттардын кесепеттери плакат конкурсу | Активдүү катышкандыгы үчүн грамота жана Жашыл Ай коомунун белектери Республикадан | Джакипбаева Альвира |
| 10 | Жигитеков Камчыбек 11-кл. | Край таануу боюнча сүрөт конкурсу | Активдүү катышкандыгы үчүн грамогта Республика | Бектенов Самат |
| 11 | Орозобекова Акылай 8-кл. | Край таануу боюнча сүрөт конкурсу | Активдүү катышкандыгы үчүн грамота Республика | Бектенов Самат |
| 12 | Аскербаева Адина 9-кл. | Край таануу боюнча сүрөт конкурсу | 3-орун Республика боюнча | Бектенов Самат |
| 13 | Аскербаева Адина 9-кл. | «Эч ким- эч качан унутулбайт» сүрөт конкурсу | Активдүү катышкандыгы үчүн грамота райондон | Джакипбаева Альвира |
| 14 | 8-кл.жана 10-кл.кыздары | Ыр кесе | Ыраазычылык барагы айыл өкмөттөн | Абдыкадырова Айжан |

2021-2022-окуу жылында спорт тармагынан жетишкендиктер

| № | Окуучунун аты-жөнү | Спорттун түрү | Алган орду | Жетекчиси |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Шакиртова Аделя 9-класс | Кол күрөш | 2-орун аймактан | Сарыкеев Темирлан |
| 2 | Султанмуратова Айжаркын 9-класс | Кол күрөш | 3-орун | Сарыкеев Темирлан |
| 3 | О.Элебесов мектебинин окуучулары | Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча эстафета | 2-орун | Сарыкеев Темирлан |
| 4 | Шаршенова Жанара Урсеитова Сауле | Валлейбол боюнча чемпион | 3-орун | Женишбеков Жолдошбек |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Асекова Акнуска<br>Нурсоветова Айчурок<br>Шакиртова Асема<br>Мамбетказиева Нуриза<br>Аскербаева Адина | | | |
| 5 | Шакиртова Асема 11-класс | Кол күрөш | 2-орун | Сарыкеев Темирлан |
| 6 | Шакиртова Асема 11-класс | Кол күрөш | 1-орун областтан | Сарыкеев Темирлан |
| 7 | Шакиртова Асема 11-класс | Кол күрөш | 2-орун Республикадан | Сарыкеев Темирлан |
| 8 | Шакиртова Асема 11-класс | Кол күрөш | Активдүү катышкандыгы үчүн грамогта Өзбекстан мамлекети Самарканд шаары | Сарыкеев Темирлан |
| 9 | Шаршенова Жанара<br>Урсеитова Сауле<br>Асекова Акнуска<br>Нурсоветова Айчурок<br>Шакиртова Асема<br>Мамбетказиева Нуриза<br>Аскербаева Адина | Валлейбол боюнча чемпионат аймактык | 1-орун аймактан | Женишбеков Жолдошбек |

Жылдын аягында окуудагы эң жакшы жетишкендиктери жана ушундай коомдук иштерге активдүү катышкан окуучуларыбызды «Кадыр ата» атындагы 500сом өлчөмүндөгү стипендия менен 50 окуучуну жана ишиндеги ийгиликтерди жараткан жана алдыңкы тажрыйбалуу 5 мугалимди 1000сом акчалай сыйлык менен сыйлап өттүк. Ал стипендияны айылдын кадырлуу карысы, көзү өтүп кеткен Молдобаева Кадыр атанын урпактары демөөрчүлүк көрсөтүшүп беришти.

Андан сырткары Элебесовдун урпактары 85 ударник окуучуларга 200с. өлчөмүндө стипендия жана упай системасынын 1-орунду алган 10-классты 5000с өлчөмүндө стипендия менен сыйлады.

Албетте жакшы иштер менен бирге кемчиликтерибиз да болуп жатты. 2021-2022-окуу жылында предметтик олимпиадалардан жакшы көрсөткүч болгон жок жана ЖРТдан жылагыга салыштырмалуу төмөн көрсөткүчтү көрсөтүштү. Айрым кемчиликтерди жоюу менен кийинки окуу жылына жаңы максат коюп иш алып барабыз деген ойдобуз